**Сурамжылоо баракчасы**

***Сурамжылоонун максаты: салттуулукту карманган топтордун жана алардын жетекчилердин баалуулуктарындагы, көз караштарындагы окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү аныктоо. Алардын өз ара байланыш түзүүдөгү катышын тактоо.***

**<u>Урматтуу эмгектеш, төмөндө берилген суроолорго Сиз туура деп эсептеген баардык жоопторду белгилеңиз</u>**

**I. Эмне себептен өзүңүздү салттуулукту карманган топтун өкүлү катары эсептейсиз?**

**1.** кыргыз болуп төрөлгөм;
**2.** кыргыз тилинде сүйлөйм;
**3.** кыргыз баалуулуктарын билем жана ал үчүн күрөшөм;
**4.** салттуу баалуулукту карманган уюмдун өкүлүмүн (эгер, ооба деп белгилесеңиз, анда уюмдун аталышын жазууңузду өтүнөбүз ___________________________________ );
**5.** кыргыздар өлкөдөгү башка улуттагы адамдарга караганда көбүрөөк укукка ээ болушу керек деп эсептейм;
**6.** салттуулукту карманган топтор өлкөнүн абалын жакшырта алат деп ишенем;
**7.** башка баалуулуктар жана идеологиялар тууралуу маалыматым жок;
**8.** башка баалуулуктар жана идеологиялар тууралуу маалыматым бар, бирок аларды кабылдай албайм;
**9.** мени ислам экстремизми кооптондурат;
**10.** башка __________________________________________________________.

**II. Сиз кандай ойлойсуз, салттуулукту карманган эркек эмнелерди кылышы керек жана кыла алат?**

**1.** кызды макулдугу жок эле ала качып кете алат;
**2.** жубайы менен өз ара макулдашып үйлөнөт;
**3.** балалуу болбогон күндө дагы, өзүнүн сүйүктүү аялы менен өмүрүн өткөрүүгө даяр болот;
**4.** аялы бошобой калган маалда тамак даярдап, идиш-аякты жууй алат;
**5.** бир учурда эки же андан көп аял менен жашоого укуктуу;
**6.** эркек аялын сабоого укуктуу деп эсептейт;
**7.** үй-бүлөсүнүн жашоо бакубаттыгын каржылап берет;
**8.** балдарын тарбиялоо үчүн аялы менен бирдей эле аракет кылат;
**9.** аял киши үй иштери менен гана алек болуусу керек деп эсептейт;
**10.** башка __________________________________________________________.

**III. Салттуулукту карманган аял эмнелерди кылышы керек жана кыла алат?**

**1.** эркек кызды макулдугу жок деле ала кача алат деп эсептейт;
**2.** жолдошу менен өз ара макулдашып турмушка чыгат;
**3.** эгер күйөөсү экинчи аял алса, аны кечирүүгө даяр;
**4.** күйөөсүнүн тамак-аш жасоосуна жана идиш-аяк жуусуна жол бербейт;

5. бошобой калган учурда күйөөсүнүн үй иштерине жардамдашуусун суранат;
6. эркек аялын урса болот деп эсептейт;
7. үй-бүлөнүн очогун сактоо жана кармоо – аялдын жашоосунун негизги максаты деп эсептейт;
8. балдарды тарбиялоо – күйөөсү экөөнүн тең орток иши деп эсептей;
9. аял дагы эркек менен бирдей иштөөгө укуктуу деп эсептейт;
10. башка ____________________________________________________________.

**IV. Салттуулукту кармангандар:**

1. кыз балага караганда эркек бала көбүрөөк керектүү деп эсептейт;
2. кыз бала дагы, эркек бала дагы бирдей эле керектүү жана баалуу;
3. кыз бала ата-энесине толук кандуу баш ийиши керек;
4. кыз баланын турмуштук чечимдерди эркин тандоого укугу бар;
5. кыздар үчүн адистик билим алууга караганда, турмушка чыкканы маанилүү;
6. эркек балдар идиш жуу, үй жыйноо, тамак жасоо сыяктуу үй иштерин жасай алышат;
7. кыз балдар отун жаруу, малдардын алдын тазалоо, жер коңторуу сыяктуу үй-чарба иштерин аткара алышат;
8. сөздү укпагандыгы үчүн же айрым кылык-жоруктарды жасагандыгы үчүн балдарды урууга болот;
9. өзү балалуу боло албаган учурда, бала багып алууга болот;
10. башка ____________________________________________________________.

**V. Салттуулукту кармангандар:**

1. ата-бабалардан бери тутунуп келген салттуу исламды карманышат;
2. Теңирчиликти карманышат;
3. маал-маалы менен мечитке барып турушат;
4. ыйык мазар жерлерин баалашат жана аларга зыярат кылып турушат;
5. ар кандай диний көз караштарды шайкеш алып жүрүшөт;
6. ата-бабаларынын дининен чыгып кеткен кыргыздарга сын мамиле кылышат;
7. адам динди эркин тандоого укуктуу;
8. адам каалаcа атеист боло алат;
9. аялдар диний же руханий жетекчи боло алышат;
10. башка ____________________________________________________________.

**VI. Салттуулукту кармангандар:**

1. аткаминердин иште болгон журум-туруму, анын кайсыл аймактан экендигинен көз каранды болот;
2. өлкөнүн түштүк жана түндүк аймактарындагы өкүлдөр бийлик түзүмүндө бирдей теңдикте болуусу шарт;
3. өлкөнүн президенти кыргыз улуттун өкүлүнөн гана шайлануусу керек;
4. өлкөнүн президенти сөзсүз эркек болуусу керек;
5. аял дагы өлкөнүн президенти боло алат;

6. бийлик түзүмдөрүндө аялдар дагы эркектер менен бирдей эле теңдикте болуусу керек;
7. айыл аймактарындагы алдыга суурулган аялдарга экономикалык жана саясий чөйрөдө өзгөчө колдоо көрсөтүлүшү шарт;
8. бийлик түзүмдөрүндө башка улуттук топтордун өкүлдөрү дагы болуусу керек;
9. партиялык система - салттуу шайлоо жолдоруна жана талаптарына дал келбейт;
10. башка _______________________________________________________________.

**VII. Салттуулукту кармангандар:**

1. билимди, жөндөмдү жана иш деңгээлин баалайт;
2. туугандык байланыш болбосо, жакшы ишке жетүү мүмкүн эмес;
3. паракорчулуктун жолдорун билет жана аларды колдонот;
4. аял же эркектин жумуш ордунан жогорулоосуна бирдей мүмкүнчүлүк жаралып калса, эркекти тандап алуу керек;
5. чыдамкайлык жана тил табыша билүү жөндөмүнүн болуусу маанилүү;
6. сулуу жана жаш аял үчүн жумуш табуу оңой;
7. билимдүү адистердин чөйрөсүн баалайт жана ага кошулууга аракет кылат;
8. жумушта эркектерге караганда аялдар чыдамдуу жана көтөрүмдүү болушат;
9. аял жетекчинин болуусу – эркек кесиптештеринин намысына шек келтирет;
10. башка _______________________________________________________________.

**VIII. Салттуулукту кармангандар гендер деп эмнени түшүнүшөт:**

1. эркектер менен аялдардын укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү бирдей;
2. эркектердин укуктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө салыштырмалуу аялдардын укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк;
3. кыргызга жат түшүнүктөр, алардын салттуу баалуулуктарына каршы келет;
4. бул эмне экенин билбейм;
5. кыздардын жана аялдардын кызыкчылыктарын коргоо;
6. толук кандуу үй-бүлөнү колдоо;
7. аялдар үчүн жумуш орундарын түзүү;
8. “кыз бала – конок” деген кыргыз түшүнүгүн билдирет;
9. үй-бүлөлүк жана сексуалдык (жыныстык) зордук-зомбулукка каршы туруу;
10. башка _______________________________________________________________.

**IX. Салттуулукту кармангандардын түшүнүгүндө:**

1. күйөөсү аялын урса болот;
2. аялы өзүн жагымсыз сезген учурларда күйөөсүнүн талаптарынан баш тартууга укуктуу;
3. ата-энелер балдарын урса болот;
4. балдар ата-энесине каяша айтууга укуктуу;
5. кайын эне келинди басынтууга укуктуу;
6. зомбулук кылган адамдын ата-энеси жана башка туугандары  аны актоо үчүн баардык аракеттерин жасашат;

7. эгерде кызды зордуктаган адам ошол кызга үйлөнө турган болсо, анда ал кыздын ата-энеси/туугандары кызды зордуктаган адамды кечире алышат;
8. эгерде ата-энеси/туугандары кызынын күйөөсү тарабынан бат-баттан зомбулукка кабылып жатканын билип калышса, анда алар кызын күйөөсүнүн үйүнөн алып кетүүсү керек;
9. мыкаачы күйөөсү тарабынан өлтүрүлгөн кыздын ата-энеси/туугандары кызына кун төлөнүп берилген учурда өлтүргөн тарапты кечире алышат;
10. башка ____________________________________________________________.

**X. Салттуулукту кармангандардын түшүнүгүндө:**

1. үй-бүлөдө аял менен эркек бирдей укукка ээ;
2. коомдо аял менен эркек бирдей укукка ээ;
3. кыргыздар жана башка улуттардын өкүлдөрү бирдей укуктарга ээ;
4. “адам укугу” түшүнүгү – кыргыздарга жат түшүнүк болуп саналат;
5. кыргыз элинин кызыкчылыктары адам укугунан жогору турат;
6. үй-бүлөдө аялдарга караганда эркектер көбүрөөк укукка ээ;
7. коомдо эркектердин укугуна караганда, аялдардын укугу көбүрөөк бузулат;
8. феминисттик (аялдардын кызыкчылыктарын коргогон) топтор өздөрүн көрсөтүүгө жана өздөрүнүн башкалар менен бирдей экендигин билдирүүгө укуктуу;
9. сексуалдык азчылык өкүлдөрү өздөрүн көрсөтүүгө жана өздөрүнүн башкалар менен бирдей экендигин билдирүүгө укуктуу;
10. башка ____________________________________________________________.

**XI. Салттуулукту кармангандар Чыңгыз Айтматовдун «Жамиля» чыгармасы боюнча:**

1. согуш маалында үй-бүлөлүк баалуулуктарды бузууга Жамилянын укугу жок болчу;
2. Жамиля – бузулган аял болгон, ошондуктан күйөөсү жок учурдан пайдаланып, үй-бүлөлүк баалуулуктардан аттап кеткен;
3. Жамиля сүйүүгө жана үй-бүлөлүк бакытка укуктуу болчу;
4. Жамиля башка эркек менен кетип калгандыгы үчүн, аны күйөөсү өлгүчө сабап салууга укуктуу болчу;
5. күйөөсү бар аялдын башка эркекке сезими болбошу керек;
6. Даниярдын сүйүү үчүн жана жеке бактысы үчүн укугу бар болчу;
7. Данияр үчүн кечиримдүү болгон нерсе, Жамиля үчүн кечиримдүү эмес;
8. сүйүшкөндөр тууралуу эч кимге сыр ачпаган Жамилянын кайын иниси Сейит, кыргыздардын үй-бүлөлүк баалуулуктарына чыккынчылык кылган;
9. күйөөсүнүн үй-бүлөсүн таштай качкандыгы үчүн Жамиля өз туугандары тарабынан катуу жазаланышы керек болчу;
10. башка ____________________________________________________________

**XII. Салттуулукту кармангандардын пикири:**

1. аял жакшы – эр жакшы;
2. өрдөк жокто чулдук бий;

3. алтын баштуу аялдан - бака баштуу эр артык;
4. аял жолдо, бала белде;
5. алган эри жарашса, кара катын ак болот;
6. келин жаман эмес, келген жери жаман;
7. эрлүү катын таяк жейт;
8. эркек балага караганда, кыз бала ата-энесине күйүмдүү болот;
9. аялың менен ынтымактуу болсоң, журтуң менен тең болосуң;
10. башка ____________________________________________________________

**XIII. Сиз кайсыл салттуулукту карманган уюмдарды / активисттерди билесиз?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**XIV. Аталган уюмдардын жана активисттердин кайсылары менен тилектешсиз? Алар менен биргеликте иш алып барып көрдүңүз беле? Эгер ооба десеңиз, анда кайсыл иштерди?**__________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**XV. Сиздин оюңуз боюнча, эл ичинде таасири көбүрөөк болгон уюмдарды / активисттерди атап өтүңүз. Ал уюмдардын жана активисттердин кандай максаттары бар?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**XVI. Салттуулукту карманган уюмдар жана активисттер өз ара кызматташып турушабы? Кызматташуунун даана мисалдарын атап бериңиз.**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**XVII. Кыргыздардын тарыхый жана заманбап башкаруучуларынын ичинен кимиси салттуу баалуулуктарды жана кызыкчылыктарды баарынан жогору койду эле?**

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

**XVIII. Кыргыздардын тарыхый жана заманбап башкаруучуларынын ичинен кимиси салттуу баалуулуктарга жана кызыкчылыктарга чыккынчылык кылды эле?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**XIX. Сиздин оюңузча, 2019-2020-жылдардагы кайсыл окуялар салттуу баалуулуктардын талкаланышына себепкер болду эле?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**XX. 2019-2020-жылдардагы кайсыл окуялар салттуу баалуулуктардын сакталышына себепкер болду эле?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**XXI. Аял укуктары жана кызыкчылыктары тууралуу айтылган кыргыз салттарын, макал-лакаптарын же айтымдарын билесизби?**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

**XXII. Кошумча пикирлер жана көз караштар:**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________